КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ
МИНИСТРЛИГИ

МИНИСТЕРСТВО
ОБРАЗОВАНИЯ И НАУКИ
КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

**БУЙРУК**
**ПРИКАЗ**

26.09.2023 № 5128/1

Бишкек ш.
г. Бишкек

**«Б.Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университети» мекемесине билим берүү ишин жүргүзүүгө лицензия берүү жөнүндө**

«Б.Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университети» мекемесинин жетекчилиги жогорку окуу жайдан кийинки билим берүү программалары боюнча лицензия берүүгө 2023-жылдын 8-сентябрындагы каттоо № 01-9/14507 арызы менен кайрылган. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2018-жылдын 23-июлундагы № 334 токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасында билим берүү ишин лицензиялоо тартиби жөнүндө Убактылуу жободо көрсөтүлгөн лицензия алуу үчүн зарыл болгон документтер Министрликке тапшырылган. Жогоруда көрсөтүлгөн арызды карап чыгуу максатында, 2023-жылдын 15-сентябрындагы Министрликтин № 5064/1 буйругу чыккан. Комиссиянын текшерүү баракчасы Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин Лицензиялоо боюнча Кеңешинин 2023-жылдын 21-сентябрындагы № 13 отурумунда каралды.

Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин Лицензиялоо боюнча Кеңешинин 2023-жылдын 21-сентябрындагы № 13-2 отурумунун чечимин аткаруу максатында, **буйрук кылам**:

1. «Б.Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университети» мекемесине төмөнкү жогорку окуу жайдан кийинки билим берүү программалары боюнча билим берүү ишин жүргүзүү үчүн лицензия берилсин:

| № | Адистиктин шифри | Билим берүү багытынын аталышы | Окуу формасы |
|---|---|---|---|
| 1 | 01.00.00 | Физика-математикалык илимдер | Күндүзгү |
| 2 | 02.00.00 | Химиялык илимдер | Күндүзгү |
| 3 | 03.00.00 | Биологиялык илимдер | Күндүзгү |
| 4. | 05.00.00 | Техникалык илимдер | Күндүзгү |
| 5 | 06.00.00 | Айыл чарба илимдери | Күндүзгү |
| 6 | 07.00.00 | Тарых илимдери | Күндүзгү |

| | | | |
|---|---|---|---|
| 7 | 08.00.00 | Экономикалык илимдер | Күндүзгү |
| 8 | 09.00.00 | Философиялык илимдер | Күндүзгү |
| 9 | 12.00.00 | Юридикалык илимдер | Күндүзгү |
| 10 | 13.00.00 | Педагогикалык илимдер | Күндүзгү |
| 11 | 16.00.00 | Ветеринардык илимдер | Күндүзгү |
| 12 | 23.00.00 | Саясий илимдер | Күндүзгү |
| 13 | 25.00.00 | Жер жөнүндөгү илимдер | Күндүзгү |

2. «Б.Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университети» мекемесинин жетекчилигине кабыл алынган чечим тууралуу маалымат жиберилсин.

3. Бул буйруктун аткарылышын контролдоо лицензиялоо бөлүмүнө (А.О.Ибраев) тапшырылсын.

Негизи: 2023-жылдын 21-сентябрындагы Лицензиялоо боюнча Кеңешинин № 13 отурумунун № 13-2 протоколу.

**Министрдин орун басары** **А.Ж.Рысбаева**